| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жылдын 18-январы №3** **Кара-Суу айылы**

**Кара-Суу айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө**

Кара-Суу айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү жөнүндө Эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги 25-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Суу айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы жергиликтүү бюджетинин аткарылышы канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин 2023-жылга бюджетинин киреше бөлүгү боюнча 8898,4 миң сом өлчөмүндө жана чыгаша бөлүгү боюнча 8898,4 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.
3. Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин 2023-жылга бюджетинин киреше бөлүгү №1 тиркемеге ылайык киреше булактардан түшүүчү каражаттардын эсебинен түзүлө турганы аныкталсын.
4. Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин 2023-жылга чыгаша бөлүгү №2 тиркемеге ылайык чыгаша булактардан турары белгиленип бекитилсин.
5. Кара-Суу айылдык аймактык Кеңештин 2023-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү боюнча жалпы өлчөмү №3 тиркемеге ылайык белгиленип бекитилсин.
6. 2023-жылга карата Кара-Суу айылдык аймагы боюнча резервдик фонд 90,1 миң сом,б.а бюджеттин чыгашаларынын көлөмүнүн 2%нан ашык эмес эсебинде түзүлсүн, чыгашанын аткарылышы боюнча көзөмөлдөө жергиликтүү Кеңештин бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн. №4 тиркеме түзүлсүн.
7. Кара-Суу айыл аймагында 70орундуу “Бермет апа” бала бакчасы ишке киргендиктен, ата-энелерден алынуучу акы 1 балага 1 айга 800 сом өлчөмүндө белгиленсин. Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин 2023-жылга атайын каражат счетунун киреше жана чыгаша бөлүгү 604,8 миң сомго №5 тиркемеге ылайык белгиленип бекитилсин.
8. Жайыт комитетинин 2023-жылга бюджетинин киреше бөлүгү 215,0 миң сом жана чыгаша бөлүгү үчтөн эки бөлүгү 143,0 миң сом өлчөмүндө жайыт комитетинде, үчтөн бир бөлүгү 72,0 миң сом айыл өкмөтүнүн бюджетинде бекитилсин.
9. Кабыл алынган токтомдун туура жана так аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү айылдык аймактык Кеңешинин «Айыл чарба экономикалык реформалардын жүрүшү жана бюджет» боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.
10. Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде жергиликтүү бюджеттин кирешелер бөлүмүн чындоо максатында төмөндөгү салыктар жана жыйымдар киргизилсин жана алардын ставкалары төмөндөгүдөй өлчөмдө бекитилсин.

**Жергиликтүү салыктар**

**Жер салыктар:**

- Юридикалык тараптан алынуучу салык сугат жерлерге 387 сом, кайрак жерлерге 52,50 сом, көп жылдык бак дарактарга 164 сом, жакынкы жайыт жерлерге 4,8 сом өлчөмүндө ар бир гектарга бекитилсин.
- **Мүлк салыгы.** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин негизинде бекитилсин. Кыймылдуу мүлккө салык төлөөчү жактарга салык чегерүү объектиси жана өлчөмү КР Салык кодексинин негизинде жүргүзүлсүн.
- ***Жалпы мамлекеттик салыктар.*** "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2023-2025-жылдарга болжолу жөнүндө" КР Мыйзамынын негизинде Кара-Суу айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине *салык агенттери тарабынан төлөнүүчү киреше салыктын* 100 пайыз өлчөмүндө түшүүсү, *ыктыярдуу патенттин негизинде алынуучу салык, милдеттүү патенттин негизинде алынуучу салык* 100 пайыз өлчөмүндө түшүүсү белгиленсин. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин негизинде бекитилсин.
- **Салыктык эмес кирешелер.** Муниципалдык менчикте жана КБФ жерлеринин ижара акысы түзүлгөн келишимдин негизинде бекитилсин. Жайыт пайдалануучу төлөм КР Бюджеттик кодексинин "Жайыттар жөнүндө мыйзамынын" ченемдерине ылайык бекитилсин.

11.Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Талас башкармалыгынын берген божомолуна ылайык Кара-Суу айылдык аймактык Кенешинин 2024-жылга бюджетинин киреше бөлүгү 9019,2миң сом; 2025-жылга 9477,2 миң сом өчөмүндө белгиленсин.

2023-жылга бюджеттин киреше бөлүгү боюнча жеке киреше салыгы (подоходный налог)1523,0 миң сом, муниципалдык менчиктеги жайдын ижара акысы 45,0 миң сом өлчөмүндө белгиленип бекитилсин.

12. Айыл өкмөтүнүн мекеме уюмдары жыл ичинде каржылоо чыгымдарына зарыл болгон учурда ар бир бөлүмдөн экинчи жана статьядан статьяга, чейректен чейрекке жылдыруу жагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109-беренесинин негизинде жүргүзүлсүн.

13. Кара-Суу айыл өкмөтүнүн 11 штаттык бирдиги-анын ичинде: 2 штат кенже тейлөө кызматкерлери (кароолчу, жыйноочу), 1 штат бирдиги аскердик каттоо столу. КР Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтомунун сандуу жарлыгынын негизинде эмгек акы төлөө шарттары бекитилсин.

14. Талас райондук маданият бөлүмүнүн Талас райондук борборлоштурулган Б.И.Мукуйтова атындагы китепканасына караштуу Кара-Суу айылдык аймагынын алдындагы С.Рыспаева атындагы китепканасына 1 китепкана КР Президентинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 сандуу жарлыгынын негизинде эмгек акы төлөө шарттары бекитилсин.

15.2022-жылдан үнөмдөлүп калган эркин каражаттын суммасы 6 297 075сом болуп бекитилсин.

16. Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин алдындагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Р.Биримкулов**

Кара-Суу айылдык аймактык
Кеңешинин 2023-жылдын
18-январындагы №3 токтомуна
№1 тиркеме

Талас районундагы Кара-Суу айыл аймагынын

2023- жылга киреше бөлүгү

| Статья | Киреше бөлүгү | Бардыгы |
|---|---|---|
| | **Жалпы киреше** | **8898,4** |
| 11111100 | Подоходдун негизинде алынуучу киреше салыгы | 1532,0 |
| 11122200 | Ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык | 135.0 |
| 11311100 | Кыймылсыз мулктөн алынуучу салык | 0,4 |
| 11312120 | Жеке жактардын транспорт каражаттарына салык | 236.5 |
| 1132 | Жер салыктары (а+б+в) | 494,7 |
| 11321100 | а)физикалык тараптардан алын.салык | 95,7 |
| 11321200 | б) юридикал.тарап.алын салык | |
| 11321300 | в)айыл чарба эмес жерден алын.салык | 9,0 |
| | | |
| | Салыкка кирбеген киреше | |
| 14151200 | Кен байлыктарды иштетүүгө лицензиянын төлөмдөрү | 875.0 |
| 14152100 | Калктуу конуштарда ижара акысы үчүн | 96,0 |
| 14152200 | Жайыт пайдалануу акысы үчүн | 215,0 |
| 14152600 | Жерди кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлеринин ижарасы үчүн | 330,0 |
| 14211200 | Мунц.менчиктеги жайдын ижара акысы | 45,0 |
| | Кирешелердин жыйынтыгы | **3959,6** |
| | Атайын каражат | 604,8 |
| | Тендөөчү грант | 4334,0 |
| | Максаттуу грант | |
| | Бардыгы киреше | **8898,4** |

Жооптуу катчы А.Жунушалиева

Кара-Суу айылдык аймактык
Кеңешинин 2023-жылдын
18-январындагы №3
токтомуна
№2 тиркеме

Талас районундагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн
2023-жылдагы чыгаша бөлүгү

| № | ЧЫГАША БӨЛҮГҮ | |
|---|---|---|
| 1 | Башкаруу органы | 7172,9 |
| 2 | Жайыт комитети | 143,0 |
| 3 | Билим берүү тармагы | 60,3 |
| 4 | Маданият тармагы | 265,0 |
| 5 | Мектепке чейинки билим берүү тармагы | 1009,2 |
| 6 | Социалдык коргоо бөлүмү | 248,0 |
| | Чыгашалар бөлүгү боюнча бардыгы | **8898,4** |

Жооптуу катчы А.Жунушалиева

Кара-Суу айылдык аймактык
Кеңешинин 2023-жылдын
18-январындагы №3
токтомуна
№3 тиркеме

Талас районундагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн
2023–жылдагы чыгаша бөлүгүнүн жалпы көлөмү

| Чыгаша бөлүгү | 2111 | 2121 | 2211 | 2212 | 2214 | 2215 | 2218 | 2221 | 2222 | 2224 | 2824 | 3111 | Жалпыс |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Башкаруу органы | 3814,0 | 482,7 | 70 | 30 | 300,0 | 1034,6 | | 16,2 | 226 | 54,0 | 90,1 | 1055,3 | **7172,9** |
| Жайыт комитети | | | | | | 143,0 | | | | | | | **143,0** |
| Билим берүү тармагы | | | | | | 10,0 | | 30,3 | 20,0 | | | | **60,3** |
| Маданият тармагы | 226,0 | 39,0 | | | | | | | | | | | **265,0** |
| Бала-бакча | | | | | | 43,4 | 868,8 | 40,0 | 15 | 42,0 | | | **1009,2** |
| Социалдык коргоо бөлүмү | | | | | | 248,0 | | | | | | | **248,0** |
| Бардыгы | **4040,0** | **521,7** | **70** | **30** | **300,0** | **1479** | **868,8** | **86,5** | **261,0** | **96,0** | **90,1** | **1055,3** | **8898,4** |

Жооптуу катчы А.Жунушалиева

Кара-Суу айылдык аймактык
Кеңешинин 2023-жылдын
18-январындагы №3
токтомуна
№4 тиркеме

Талас районундагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн
2023-жылга резерв фондусунун түзүлүшү

| К/№ | Статьянын аталышы | I | II | III | IV | Жалпысы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 28241100 | 22,7 | 22,0 | 22,7 | 22,7 | 90,1 |

Жооптуу катчы А.Жунушалиева

Кара-Суу айылдык аймактык
Кеңешинин 2023-жылдын
18-январындагы №3
токтомуна
№5 тиркеме

Талас районундагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн 2023-жылга
атайын каражат счетунун киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча жалпы көлөмү

Киреше бөлүгү

| № | Мазмуну | Сумма |
|---|---|---|
| 1 | Ата-энелерден алынуучу акы | 604,8 |
| | Жалпысы | 604,8 |

Чыгаша бөлүгү

| № | Мазмуну | Статья | |
|---|---|---|---|
| 1 | Тамак-аш азыктарын сатып алуу | 2218 | 566,4 |
| 2 | Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу | 2215 | 38,4 |
| | Бардыгы | | 604,8 |

Жооптуу катчы А.Жунушалиева